# Улуттук банк ноталары

*(2012-жылдын июнь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Июнь айында ноталарды сунуштоо көлөмүнүн чогуу алгандагы көрсөткүчү өткөн айга салыштырганда 20,0 пайызга, 2,2 млрд. сомго чейин төмөндөгөн. Суроо-талаптын көлөмүнүн 18,5 пайызга, 3,0 млрд. сомго чейин төмөндөөсүнүн алкагында, баалуу кагаздарды сатуу көлөмү ( май айында кошумча жайгаштырыуулардын эсебинен) 2,2 млрд. сомго (-17,2 пайызга) чейин азайган. Жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын сегментинде сатуулардын азаюусу (-18,6 пайызга), жогорудагыдай төмөндөөнүн себеби болгон, ал эми ошол эле учурда жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталардын сатылышы 14,5 пайызга (отчеттук мезгил ичинде жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталарды эмиссиялоо жүргүзүлгөн эмес) көбөйгөн. Рыноктун катышуучуларынын арасынан эки ири коммерциялык банк негизги жигердүүлүктөрүн көрсөтүшкөн, алардын биринин үлүшүнө рынокто жайгаштырылган баалуу кагаздардын бүтүндөй көлөмүнүн жарымынан көбүрөөгү туура келген. Рыноктун калган катышуучуларынын суммардык салыштырма салмагы 27,3 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү 1,3 пайыздык пунктка төмөндөө менен, 6,7 пайызды түзгөн, анын ичинде жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталардын кирешелүүгү 0,2 пайыздык пунктка, 5,9 пайызга, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар - 1,4 п.п., 6,8 пайызга чейин азайган.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы.**



Суроо-талаптын аукциондук[1] орточо көлөмү июнь айында өткөн айдагы көрсөткүчкө караганда 1,9 пайызга жогорулоо менен, 761,2 млн. сомду түзгөн, ал эми сатуунун аукциондук орточо көлөмү 17,4 пайызга, 541,0 млн. сомго чейин көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 2,1 млрд. сом деңгээлинде түптөлүп, 6,0 пайызга төмөндөгөн. Институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 11,8 пайызга (-15,1 п.п.) олутту кыскаруусу, мына ушундай төмөндөөнүн негизги себеби болуп калган. Мында негизги ээлик кылуучулардан болушкан коммерциялык банктардын салыштырма салмагы, тескерисинче, портфелдин жалпы түзүмүндө 71,6 пайызга жетип, 4,6 пайыздык пунктка өскөн. Резидент болгон юридикалык жактардын үлүшү айдын (июнь айында жеке адамдар Улуттук банк ноталары ээлеринин катарынан чыгып кеткен ) жыйынтыгы боюнча 10,7 пайыздык пунктка, 16,6 пайызга чейин көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде 0,4 пайызда түптөлгөн банктык ноталар портфелинин[2] концентрациялануу индексинин көрсөткүчү рынокто бирдей үлүшү менен эки ири катышуучунун болушуна дал келген концентрациялоонун жогорку деңгээлинин сакталышын көрсөтөт.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.08.2011 | 1 360,0 | 919,5 | 67,6% | 3,5 | 0,3% | 2,0 | 0,1% | 435,0 | 32,0% |
| 01.09.2011 | 1 357,2 | 899,5 | 66,3% | 55,9 | 4,1% | 0,8 | 0,1% | 401,0 | 29,5% |
| 01.10.2011 | 1 368,4 | 1 055,2 | 77,1% | 49,1 | 3,6% | 0,1 | 0,0% | 264,0 | 19,3% |
| 01.11.2011 | 1 738,2 | 1 345,4 | 77,4% | 42,7 | 2,5% | 0,1 | 0,0% | 350,0 | 20,1% |
| 01.12.2011 | 1 732,4 | 1 215,8 | 70,2% | 49,6 | 2,9% | - | 0,0% | 467,0 | 27,0% |
| 01.01.2012 | 1 366,4 | 1 065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2 209,5 | 1 666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2 313,0 | 1 527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2 113,8 | 1 507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |
| 01.05.2012 | 2 072,4 | 1 424,6 | 68,7% | 224,5 | 10,8% | 2,3 | 0,1% | 421,0 | 20,3% |
| 01.06.2012 | 2 196,2 | 1 471,2 | 67,0% | 129,2 | 5,9% | 4,8 | 0,2% | 591,0 | 26,9% |
| 01.07.2012 | 2 063,9 | 1 477,8 | 71,6% | 341,7 | 16,6% | - | 0,0% | 244,3 | 11,8% |
| 01.08.2012 | 1 950,0 | 1 646,8 | 84,5% | 171,5 | 8,8% | 2,0 | 0,1% | 129,7 | 6,7% |

[1]Бул көрсөткүч суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз болуп эсептелет.

[2]Бул индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздарды концентрациялоо даражасын көрсөтөт. Концентрациялоо индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы менен эсептелет жана жалпы көлөмдөгү көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилердин интервалында жатат. Индекстин 0,10дон аз мааниси концентрациялоонун төмөнкү; 0,10дон0,18ге чейин – концентрациялоонун орточо деңгээлине, 0,18ден жогору – концентрациялоонун жогорку деңгээлине дал келет. Мисалы, 0,50гө барабар концентрациялоо индекси рынокто бирдей үлүштөрү менен эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун болушуна дал келет. ж.б.